DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2021

## ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PEDAGOGICAL SCIENCES

*Асаналиева М.М.*

# КЕНЖЕ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ОРДУ

*Асаналиева М.М.*

# РОЛЬ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ В ДУХОВНОМ ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ РАННЕГО ВОЗРАСТА

*M.M. Asanalieva*

# THE ROLE OF FOLK PEDAGOGY IN THE SPIRITUAL EDUCATION OF YOUNG CHILDREN

*УДК: 37.373*

*Макалада кенже курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө элдик педагогиканын орду жөнүндө сөз болот. Кенже курактагы балдардын жан дүйнөсү, эмоционалдык сезими өтө күчтүү таасирлене турган мезгилде элдик педагогиканын каражаттары аркылуу, жалпы инсандык адептүүлүк, ыймандуулук жөнүндө түшүнүк берүү менен руханий тарбияны түптөө. Элдик педагогикалык каражаттар аркылуу кенже курактагы балдарды тарбиялоодо түрдүү илимий-педагогикалык шарттар менен иш алып баруу сунушталат. Баланын руханий жан дүйнөсүн байытууда, руханий тарбияга ээ кылууда, элдик педагогикадагы дөөлөттөр акылына, мүнөзүнө, эркине таасирин тийгизишине өз ойлорун айткан улуу педагогдордун сөздөрү камтылган. Эгемендүү республикабыздын келечеги болгон балдарды кенже курактан баштап руханий тарбиянын өнүгүшүнө элдик педагогика тирек-таяныч болуп берчү, андагы моралдык-этикалык, руханий-патриоттук дөөлөттөрүнүн системасын иштеп чыгуу жана муундардын социялдашуусунун кызматына пайдалануу керектиги жөнүндө сунуштар айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик тарбия, элдик педагогика, руханий тарбия, моралдык-этика, оозеки чыгармачылык, жамаат, улуттук баалуулук, чыгармалар, жазуучулар.*

*В статье рассматривается роль народной педагогики в духовном воспитании детей раннего возраста. Укрепление духовного воспитания детей раннего возраста средствами народной педагогики, дающее им представление об общей нравственности и личности в то время, когда их душа и эмоциональные чувства сильно развиваются. Рекемендуется работать с различными научно-педагогическими условиями в воспитании детей раннего возраста средствами народной педагогики. Встатье собраны слова великих педагогов, высказавших свое мнение о влиянии требований народной педагогики на ум, характер и волю ребенка на обогащение души, обретение духовного образования. Необходимо разработать систему нравственных, этических, духовных и патриотических ценностей составляющих основу народной педагогики, для развития духовного воспитания детей с раннего возраста, являющихся будущим нашей независимой республики и использовать их для социализации поколений.*

***Ключевые слова:*** *народное образование, народная педагогика, духовное воспитание, нравственная этика, устное творчество, общность, национальные ценности, произведения, писатели.*

*The article examines the role of folk pedagogy in the spiritual education of young children. Strengthening the spiritual education of young children by means of folk pedagogy, giving them an idea of the general morality and of the individual at a time when their soul and emotional feelings are strongly developing. It is recommended to work with various scientific and pedagogical conditions in the education of young children by means of folk pedagogy. The article contains the words of great teachers who expressed their opinion about the influence of the requirements of folk pedagogy on the mind, character and will of the child on the enrichment of the soul, the acquisition of spiritual education. It is necessary to develop a system of moral, ethical, spiritual and patriotic values that form the basis of folk pedagogy for the development of spiritual education of children from an early age, who are the future of our independent republic, and use them for the socialization of generations.*

***Key words: public*** *education, folk pedagogy, spiritual education, moral ethics, oral creativity, community, national values, works, writers.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Балага руханий тарбия берүүдө элдик педагогиканын каражаттары эң эле жөнөкөйлүүлүгү, түшүнүктүүлүгү жана жугумдуулугу таасирдүү болгондугу менен айырмаланат. Үрп-адаттардын, салттардын максаты тарбиялык касиети менен дал келип, жалпысынан адамзаттын руханий, гуманисттик идеялары аркылуу бапташып турат.

"Элдик педагогика" түшүнүгүнө ээ болууда, кыргыз элинин даанышман педагогу, профессор Исак Бекбоевдин толук кандуу жообун цитата катары берүүгө болот: "Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зооктордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык, материалдарда сакталып келген педагогикалык идеяларын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбаларын чогултуу. Демек, элдик педагогика-бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу" [1, 2-б.].

Жеткинчектерге руханий тарбия берүүдө элдик педагогикадагы оозеки чыгармаларынан тарта, улам мезгил алмашып жаңыча тажрыйбалар менен коштолгон адамзаттын күнүмдүк жашоосунда колдонулуп келе жаткан иш-аракеттердин жалпы жыйындысы түзөт.

Жалпы билим берүү стандартында белгиленгендей, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде-баланын курак жашын эске алуу менен ар тараптан өнүгүүсүнө ата-энелер жана тарбиячылар отосунда тыгыз иш алып барууну, жеткинчектерди негизги инсандык дөөлөттөргө, элдик тарыхый бай тажрыйбага аралаштырууну камсыз кылат. Кенже курактагы балдарды руханий жактан тарбиялоодо мектепке чейинки мекемелердин негизги максаты болуп-балдардын гармониялуу өсүүсүн камсыз кылуу менен жамаатта жашоонун көндүмдөрүн калыптандыруу.

Элдик педагогика жөнүндө кеп кылганда, оболу бул илимдин башында турган чуваш элинин даанышман этнопедагогу Г.Н.Волков жөнүндө айтуу менен анын: "Этнопедагогика – улутту сактап калуунун педагогикасы" – деген пикирин кошумчалап кетүү керек [2, 112-б.].

Ал инсандын "Чуваш элинин этнопедагогикасы" деп аталган эмгегинин жаралышы менен өспүрүм курактан баштап эле балдарга руханий тарбия берүүдө элдик педагогиканын орду эч нерсе менен алмаштыргыс каражат экендиги далилденди.

Ушул багытта ийгиликтүү иш-аракеттерди жүргүзүүдө, узак убакыттар бою калыптанып келе жаткан элдик педагогиканын казынасындагы мурастар жалпы эле руханий тарбия берүүдө негизги каражат болуп кызмат өтөшү тарых өзү көрсөттү.

Орус элинин улуу педагогу К.Д. Ушинский өз эмгегинде мындай деп жазган: "Биз үчүн тарбияны ойлоп табуунун кереги жок, ал эл канча кылым жашаса, ошончо кылым жашап келет. Элдик педагогика эл менен төрөлгөн, эл менен кошо өнүккөн, элдин бардык тарыхын, анын жакшы жана жаман сапаттарын чагылдырган. Бул бир муундан экинчи муунга алмаштыруудагы маанилүү кыртыш. Аны азыктандырып, жакшыртып, талапка ылайыкташтырып туруу керек. Элдик педагогиканын генийлиги менен эч ким атаандаша албайт" [2, 300-б.].

Ата-мекендик психолог Б.С.Садырова өз изилдөөлөрүндө мындай деп жазат: "Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде бөбөктөргө эң алгач туура сүйлөө үчүн "тыбыш, уңгу добуштарды" туура кабылдоонун негизинде гана баланын билим алуусу толук кандуу ишке ашат [3, 3-б.].

Балдардын жаш курагын эске алуу менен элдик педагогиканын каражаттарын үй-бүлө мүчөлөрү жана тарбиячылар түрдүү шарттарда максатка ылайыктуу пайдалана алууга болот.

Буга мисал катары элдик педагогикадагы жаңылмачтар – эң негизинен баланы так сүйлөтүүгө көнүктүрүү менен эске сактап калуусун өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Табышмактар-баланын акылын, ой жүгүртүүсүн, аң-сезимин өстүрүүдө кыраакы, тапкычтыкка үйрөтөт.

М.Сулайманов өз эмгектеринин биринде мындай деп жазат: "Балага жаңылмач менен табышмак конкрет зат менен окуянын кейипкери катары түшөт. Ошондуктан аны жок жерден түспөлдөштүрүүгө же жанаштырууга болбойт. Баланын ойлоосунун тактыгын гана талап кылат. Ачыгын айтканда, бу мезгилде табигый нарк же факт чечүүчү күчкө ээ болуп калат" [4, 5-б.].

Элдик педагогикадагы терең философиялык ойду камтыган макал-лакаптардагы ар бир учкул сөздөр балага руханий тарбия берүүдө, ойдун тактыгы, нускалыгы жагынан даана педагогикалык мүнөзгө ээ. Ал эми жомоктордогу сюжеттер көркөм образдуулугу менен андагы каармандар айбанаттардын образы аркылуу берилип, жеткинчектердин үлгүлүү жүрүм-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



турумуна ылайык сүрөттөлүшү.

А.С. Макаренко: "Бала там-туң басып, тили чыккан күндөн тартып, жети-сегиз жашына чейин өзүн эл жомокторундагы жандуу жаныбарлардан бөлүп карoo дүйнөсүнөн кескин бөлүп кете албайт. Алардын жорук-жосундары менен зоологиялык инстингдерин жактырып, кайталап туурап өсө берет. Жаш балдарды эл жомокторунан бөлүп карoo, аларды балалык баёолугу менен ыктыярдуу эркинен ажыратууга барабар"– деп айткан [4, 28-б.].

Жомоктор баланын табиятына, жан дүйнөсүнө дал келүү менен тарбиялык мааниси жогору турган жанр. Эгерде, балага окулган же өзү окуган жомоктор образдуулукту жарата алса, баланын жомокко тикеден-тике аралашып кайсыл бир каармандын оң сапаттарына сугарыла турган болсо, бул балага руханий азыктын калыптана баштоосу.

В.Г. Белинский: “Бала канчалык жаш болсо, аны адептүү жорук-жосундарга үйрөтүү ошончолук жеңил болот. Жакшы салттарга таянуу менен наристе баланы асыл сезимдерге, шыкка жана жакшы адаттарга окутуу эмес, көнүктүрүү гана зарыл”- деп айткан [4, 65-б.]. Демек, жаш баланы дал ушул салттарга көнүктүрүүдө элдик педагогика оң таасирин берет.

Баланын наристе кезинен баштап эле элдик педагогикадагы негизги каражат катары балдар ырлары, анын ичинде өзгөчө бешик ырлары баланы чыныгы акыл-эстүү инсан болууга тарбиялайт. Мисалы оюн жана салт ырлары ата журтту коргоо үчүн бала кыраакы, шамдагай гана эмес, баам-парасаттуу, душманга карата өктөм жана чечкиндүү болууну тастыктаса, санат менен насыят ырлары болсо, баладагы жүрүм-турумдун жана көз караштын калыптанышы жөнүндөгү сыноодон өткөн, тастыкталган мыйзам-ченем. Дагы бир артыкчылыгы алар мугалим-устаттын түшүндүрмөсүн талап кылбайт, күндөлүк турмуш агымы менен эле балага жетип келет, өмүр бою аны менен бирге жүрөт. Жалпы эл педагогикасына басым жасап, ар кайсы коомдогу улуттар өзүнүн дараметине жараша руханий тарбия катары жашоо-шарттын агымына карата колдонулушун изилдөөгө Г.Н. Филонов, Г.Н. Волков, А. Ш. Гашимов, А.Ф. Хинтибидзе, К.Д. Ушинский, В.Ф. Афанасьев окумуштуу инсандар. Ал эми кыргыз элибиздин элдик педагогикасын изилдөө менен өз ойлорун тастыктап жазган белгилүү Т.Ормонов, Р.Абдыраимова, Х.Анаркулова, Ф.Баитова, Ж.Бешимов, С.Байгазиев, Ж.Койчуманов, Б.Апышов, И.Бекбоев, А.Алимбеков, М.Абдыкеримов, А.Калдыбаева, С.Саипов, К.Кыдыралиевалардын жаратман илимий эмгектерин атоого болот.

Кыргыз элибиздин педагогу М.Абдыкеримовдун: "Бизди эл аралык донор уюмдар куткарбайт, кылымдар бою колдонулуп келеген таалим-тарбиялык салттар куткарат" – деген ыраатуу оюн айтууга болот.

Ошондуктан аны биринчи кезекте үй-бүлөдө жана болочоктогу мугалим болуучу студенттерибизге, алар аркылуу руханий тарбия алуучу мектепке чейинки жана мектеп окуучуларына, негизинен келечек муундарыбызды ар тараптан тартуубуз керек. М.Абдыкеримовдун "Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы" аттуу эмгегин баса белгилеп кетүү керек.

Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов элдик педагогика боюнча ар бир чыгармаларындагы улуттук нарк-насилдер менен ширелгендигин, андагы бардык каармандардын образдуу сүрөттөлүшү руханий тарбиялык касиетке ээ болуу менен турмуш-тиричиликтеги мисалдар аркылуу далилденди.

Мисалы, биздин ата-энелерибиз жерге нандын күкүмүн түшүрбөө же болбосо жерде жаткан нанды бийик, таза жерге коюп коюу, отундун термечигинен бери жерде калтырбай пайдаланууга ж.б. ушул сыктуу жазылбаган тарбиялык мүнөздө татыктуу тарбия берип келгендиги ырас. Ал эми азыркы учурда, жаш ата-энелер балдарына жерде жаткан улук нандан баштап, башкасынын баарын "ташта эле ташта, ыргыт кокуй, аны ким кандай ой менен таштады" деп, балага тарбия мындай турсун, психологиялык жактан жарадар кылып жатпайбызбы.

Бул макалада жайлоодогу бир балалык учурумда болуп өткөн окуяны жаза кетпесем болбос. Жайлоодогу биздин конушка элдик педагогика боюнча эксперимент жүргүзүп жүргөн илим изилдөөчү келгенин, андагы балалык баёо сезим эмнени аңдап түшүнсүн. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары мал жандыктын кышкы тоютун камдоо менен талааларда. Жайлоодогу иш-аракеттин баарына өзүм жоопкер. Жайдын аптаптуу күндөрүндө малдарга ылаң түшүп, ооздорун жара басып, конуш-колоттогулардын баарысынын айласы кетти. Малды аман сактап калуу жолу менен күрөшө баштадым да, кечкисин короого майда жандыктарды

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



камап алып, табигый көк тузду майдалап жанчып, жандыктын ооздоруна каната сүртүп үч күндүн ичинде сакайтып алсам болобу. Конуштагылардын баары ушул методду пайдаланып, майда жандыкты аман сактап калдык. Ошондо, жанагы илим изилдеген кишинин короонун жанына келип "бул-эмгекке тарбиялоо" деп ыраазы болгондугу эч эсимден кетпейт.

Элдик педагогиканын каражаттары аркылуу берилген руханий тарбия баланын жан дүйнөсүнө соолубас азык болуп, аны жашоосунда өмүр бою коштоп отурат. Кенже курактагы балдардын жан дүйнөсү, эмоционалдык сезими өтө күчтүү таасирлене турган мезгилде элдик педагогиканын каражаттары аркылуу, жалпы инсандык адептүүлүк, ыймандуулук жөнүндө түшүнүк берүү менен руханий тарбиянын алиппесин түзгөн менен барабар болот. Ошондуктан кыргыз элибизде "Сүт менен кошо бүткөн нерсе сөөк менен кошо кетет", "Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр", "Бала көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат", "Баланы башынан үйрөт, чырпыкты жашынан ий" деген даанышман макалдары кылып карытып жашап келет. Баланы тээ түп башатынан турмуш көзүн таанып-билүүгө, аруу актыкка көнүктүрүп, кыянатчылыкты жерүүгө ынандыруунун саяпкери менен данакери деп эсептелип, байыртадан эле көзөмөл устаттар тарабынан атайын тилек менен даректүү даярдалган, руханий тарбияны азык кылган элдик педагогиканын каражаттары экени чын. Ошондон улам эл корифейи балдардын кабылдоо мүмкүнчүлүгүн өрчүтүү максатында кенже өспүрүм менен өспүрүмдөрдү баатырдык салттарга, ата журтун коргоого, адамзат тукумун улоо салтына көнүктүргүсү келип, элдик педагогиканын утопиясын жараткан.

Илимий-техникалык революция доорунун келиши менен өз ордун көркөм аң-сезимдин заман талап кылган башка түрлөрүнө бошотуп берип, бизден улам алыстап, күчтүү өкүлдөрү барган сайын сейректеп бараткан элдик педагогиканын орду эч нерсе менен алмаштырылгыс тарыхый тарбиялык мурас. Бул талашсыз чындык. Элдик педагогиканын мурасы ар түрдүү тарыхый шарттардын, кырдаалдардын натыйжасында бирден-бир оозеки формада өнүгүп, жетилип, ушул формада дүйнөлүк маанидеги моралдык, эстетикалык үлгүлөрдү жаратты. Жеткилең курактан баштап эле эл жараткан тажрыйбалуу тарбиялык мундагы каражаттар аркылуу баланы өзүн таанып-билүү, турмушту, чындыкты, айлана-чөйрөнү, дүйнөнү таанып билүү жана ошол таанып-билүүнүн жыйынтыктарын улам кийинки муунга өткөрүү, мүмкүн болушунча алардын эс-тутумунда сактоо. Мурдагы өткөн руханий мураска баа берүү, анын нукура көркөмдүк наркын аныктоо ар бир улуттагы элдин эки түрдүү руханий байлыктын болушу, ошол элдин тарыхый жашоо шартына, жалпы маданий деңгээлине, өнүгүү өзгөчөлүгүнө негизделет.

Эл "тарбия программасын" кынтыксыз усулдуулук даражасында түздү. Анткени жарык дүйнөнү өздөштүрүүгө бет алган баланы накта дидактикалык эрежелер менен принциптерге, аныгын айтканда, курак баскычына карата кылма-кыл аныктап, маятник-көрсөткүч сыңары калыстык менен кыймылга киргизди. Эми тестиер курактан тартып, баланы тар чөйрөдө кармоого болбойт, ал моюн сунуп бербейт. Ошондуктан баланы ойлоонун, таанып-билүүнүн теребел жайлоосуна алып чыгууда элдик педагогиканын орду чоң. Демек, бала өспүрүм курагынан өзүн-өзү тарбиялоого тикеден тике өтөт, анын программасын түзөт, бул багытта элдик педагогиканын мааниси зор, анткени күнүмдүк иш-аракеттер менен бирге коштолуучу нарктуу тарбия салттарын сиңирет. Анын натыйжасында баладагы саясий-моралдык, адеп-ыймандык, улуттук патриотизм, гумандуулук сезимдери кошо өнүгө баштайт.

И.П. Подласый: "Мамлекет өз жарандарынын рух адамдары болуп калыптанышына камкордук көрүүгө милдеттүү. Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому" - деген пикири учурдагы элдик педагогикага таянбаган тарбия күткөндөй түшүм бербестигин тарыхый тажрыйба тастыктап отурат [5, 28-б.].

Ааламдашуу доорундагы илимдин жетишкендиктери менен наристе, кенжетай жана тестиер балдардын баары тең көзү менен көрүп, кулагы менен укканга алымсынбайт. Аларга болуп көрбөгөндөй шумдуктуу, небир күчөткүч, кыял жаңырыгындай баяндама түшүнүктөр керек болот, ошолор гана анын жан-туюмун канааттандырат. Дал ошол фантазиянын өзү балага чыгармачылык, ойдон кураштыруу ылхамын буюрат. Бала жөн жатпай изденет, кыял туундуларына жетүүнү самайт.

Ааламга бүткөн жумурай журтчулук менен туздаш жашаган кыргыз калкы, улуттун учугун улаган

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



инсан-пенделерге арзып, алардын мүдөө-максаттарына тете маданият мурастарын, жашоонун күрөө тамырын талдоого алган далай руханий азыктарын, социалдык-философиялык жаратмаларын, утопиялуу санаакор санжыраларын улам кийинки муундагы перзенттерибиз үчүн деп жасаган. Кыргыз калкы балдарга руханий тарбия берүүдө, тээ гүлдөө доорунда өзүнө жарашкан, өзүнө тете элдик, улуттук деп айтууга арзыган менчиктүү-элдик педагогиканы түзө алган десек болот. Ушул тапта уюткулуу нарк-насилдерибизди учурунда байкоо менен элибиздин экономикалык, социалдык-маданий, жарандык турмушун мыйзамдуулуктун жана социалдык адилеттүүлүктүн негизинде түп тамырынан жаңыча курушу, жаңы деңгээлде уюштурушу, оң тарбияга сүрөө болгон элдик педагогикалык чөйрөнү калыптандыруусу талап кылынат. Ар бир жаш жеткинчектин руху, адеби элдик педагогиканын кыртышынан терең тамырлап өсүп чыкса, анда улутубуз сырткы терс таасирлерге каршы туруштук бере ала турган болот эле.

Демек, эл-бардык дөөлөттүн жараткычы: нарктын, касиеттердин, диалектиканын, эреже салттын, рух-мүлктүн биринчи түзүүчүсү. Азыркы биз, бар болгону балдарга руханий тарбия берүүдө, дал ошол аба мисал мейкинде калкыган, эгин-жемиш мисал жерге себилген түгөл ырыскыны терип-тепчип үйрөтүп, өздөштүрүп алсак эрдик кылган болобуз.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне. - Б., 1992. - 14-апрель. - №13. - 2-112-бб.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика. - М., 1999. - 112-300-б.
3. Кыргыз Туусу гезити. - Б., 2011. - 29-октябрь, №22.- 3-б.
4. Белинский В.Г., Чернышевский Н.Г, Добролюбов Н.А. О детской литературе и детск. чтении.- М., 1954.- 28-65-бб.
5. Подласый И.П. Педагогика. - М., 2007. - 28-б.